**Б.Бейшеналиева атындагы Кыргыз мамлекеттик маданият жана искусство университети**

**Окумуштуулар Кеңешинин кезектеги жыйыны**

**2025-жылдын 28-февралы** **саат 14:00дө**

**Күн тартибиндеги маселелер:**

1. Хореография жана маданий ишмердик факультетинин окуу, окуу-усулдук, илимий, тарбиялык, уюштуруу иштеринин абалы тууралуу. **Жооптуулар**: комиссия, факультеттин деканы **Ч.К. Жумалиева.**
2. Хореография жана маданий ишмердик факультетинин 2024-2025-окуу жылына карата пландаштырылган окуу, окуу-усулдук, тарбиялык-уюштуруу иштердин жүрүшү жана аткарылышы тууралуу (социалдык-гуманитардык дисциплиналар, хореография, социалдык-маданий ишмердик кафедралары). **Жооптуулар**: комиссия, факультеттин деканы **Ч.К. Жумалиева**.
3. 2024-2025-окуу жылынын күндүзгү жана сырттан окуу бөлүмдөрүндөгү кышкы сессиянын жүрүшү жана жыйынтыгы. 1-жарым жылдык боюнча жалпы отчет. **Жооптуулар**: окуу бөлүмүнүн башчысы **Алманбет к. Жаңыл**, **факультет декандары**.
4. Окуу корпусунун, жатакананын санитардык абалы тууралуу. **Жооптуу**: АЧБ боюнча проректор Ш.Т. Талантбеков.
5. Бош кызмат орундарына конкурстук негизде шайлоо өткөрүү. **Жооптуу**: шайлоолорду өткөрүү боюнча уюштуруу комиссиясы.
6. Ар түрдүү маселелер.

**Б. БЕЙШЕНАЛИЕВА АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК МАДАНИЯТ ЖАНА ИСКУССТВО УНИВЕРСИТЕТИНИН**

***ОКУМУШТУУЛАР КЕҢЕШИНИН №5 ЖЫЙЫНЫНЫН ПРОТОКОЛУ***

***2025-жылдын 28-февралы*** ***Бишкек шаары***

ОКнын мүчөлөрү - **33**
Катышкандар - **27**

**Төрага** - ректор, проф.м.а. Колдошов Т.Р.
**Катчы** – проф.м.а. Маражапова Н.К.

**Угулду**: **Колдошов Т.Р**. Арыбаңыздар урматтуу кесиптештер. Окумуштуулар Кеңешине 33 курамдын 27си катышып отурат. Ден соолугуна байланыштуу ооруп калгандар бар. Жыйынды баштоого кворум бар. Университеттин 2024-2025-окуу жылындагы №5 Окумуштуулар Кеңешинин кезектеги жыйынын баштоого уруксат этиңиздер (гимн ойнолот). Февраль айындагы Окумуштуулар Кеңешинин күн тартибиндеги маселелери менен тааныштырууга уруксат бериңиздер.

**КҮН ТАРТИБИ**:

1. Хореография жана маданий ишмердик факультетинин окуу, окуу-усулдук, илимий, тарбиялык, уюштуруу иштеринин абалы тууралуу. **Жооптуулар**: комиссия, факультеттин деканы **Ч.К. Жумалиева.**

2. Хореография жана маданий ишмердик факультетинин 2024-2025-окуу жылына карата пландаштырылган окуу, окуу-усулдук, тарбиялык-уюштуруу иштердин жүрүшү жана аткарылышы тууралуу (социалдык-гуманитардык дисциплиналар, хореография, социалдык-маданий ишмердик кафедралары). **Жооптуулар**: комиссия, факультеттин деканы **Ч.К. Жумалиева**.

3. 2024-2025-окуу жылынын күндүзгү жана сырттан окуу бөлүмдөрүндөгү кышкы сессиянын жүрүшү жана жыйынтыгы. 1-жарым жылдык боюнча жалпы отчет. **Жооптуулар**: окуу бөлүмүнүн башчысы **Алманбет к. Жаңыл**, **факультет декандары**.

4. Окуу корпусунун, жатакананын санитардык абалы тууралуу. **Жооптуу**: АЧБ боюнча проректор **Ш.Т. Талантбеков.**

5. Бош кызмат орундарына конкурстук негизде шайлоо өткөрүү. **Жооптуу**: шайлоолорду өткөрүү боюнча уюштуруу комиссиясы.

6. Ар түрдүү маселелер.

Урматтуу кесиптештер, алгач баяндамачылардын регламентин бекитип алсак. Кубатбек Куланчиевич, комиссиянын төрагасы катары эки маселеге канча минута жетет?
**Джакыпов К.К.** Саламатсызбы урматтуу төрага, уруксат берсеңиз биринчи жана экинчи маселелер боюнча маалыматтарды бир карасак. Баяндоого ар бир маселеге 10 минут, талкууга 7 минут, суроо-жоопторго, жарыш сөздөргө 3 минутадан 5 минутага чейин убакыт жетет деп ойлойм.
**Колдошов Т.Р.** Жакшы болот. Урматтуу декандар, үчүнчү маселеге канча мүнөттөн сурайсыз?
**Эсенбаева С.О.** Арыбаңыздар урматтуу Окумуштуулар Кеңешинин курамы, урматтуу төрага, бизге 3-5 мүнөт берсениз жетишебиз.
**Колдошов Т.Р.** Башка декандар да макулсуздарбы? Макул болсоңуздар 3-маселеге 3-5 минута берилет. 4-маселеге да 10 минута жетиштүү болот. Чарба иштери боюнча проректор келип калат, окуу жайдын жумуштары менен жүрөт. Үлгүрбөсө өзүм отчет берем. Регламент тууралуу Кубатбек Куланчиевичтин жана декандардын сунушун колго салам.

**Макул – баары, каршы, калыс –жок.**
Башка сунуштар жокбу?
**Кыштобаев М.Ч**. Саламатсыздарбы урматтуу кесиптештер, урматтуу төрага, бош кызмат орундарына конкурстук шайлоону биринчи маселеге жылдырсак жакшы болмок. Талапкерлердин арасында Филармонияда өтүп жаткан мюзиклга катышкандар бар, кечигип калышпасын.
**Колдошов Т.Р.** Максат Черикбаевичтин сунушун колго салам.
**Макул – баары, каршы, калыс –жок.**
Урматтуу кесиптештер, КРнын жогорку окуу жайларынын профессордук-окутуучулук курамынын кызмат ордун ээлеп туруунун тартиби жөнүндөгү жобого (29.03.2012 №346) ылайык конкурска катышуу үчүн тиешелүү документтер талап кылынат. Документтер жана арыздар 2025-жылдын 20-февралына чейин кабыл алынды. Февраль айында өтө турган бош кызмат орундарына шайлоого (төмөндөгү 9 бош кызмат орундарына) 9 арыз келип түшкөн.
**1.** ***Оркестр жана хор дирижерлугу кафедрасы*:**
- **Алымкулов Б.Т.** доценттин м.а. бош кызмат орунга
- **Самарбекова Н.М.** улук окутуучу бош кызмат орунга.

2. ***Салттык музыка жана фольклор кафедрасы***:
    - **Джумалиев С**. доценттин м.а. бош кызмат орунга
    - **Үсөнбек уулу Э.** улук окутуучу бош кызмат орунга
    - **Таштаналиева К.** улук окутуучу бош кызмат орунга

3. ***Музыкалык-теориялык дисциплиналар жана жалпы фортепиано кафедрасы***:
- **Жеенбаев М.Т.** доценттин м.а. бош кызмат орунга

4. ***Хореография кафедрасы***:
- **Садыркулов Д.Н.** доценттин м.а. бош кызмат орунга

5. ***Режиссура жана актер чеберчилиги кафедрасы:***
- **Эсенбаева С.О.** доценттин м.а. бош кызмат орунга
- **Урматбеков Ч.У.** улук окутуучу бош кызмат орунга

Талапкерлерге сөз берерден мурун эсептөө комиссиясын шайлап алсак. Кимде кадай сунуштар бар?
**Саламатов Т.С.** Урматтуу кесиптештер, эсептөө комиссиясынын саны 5 кишиден турса жана төмөндөгү кызматкердин талапкерлигин сунуштайм.

1. Социалдык-маданий ишмердик кафедрасынын башчысы, п.и.к, профессор Тулобердиев Калыбек Кемелович.
2. Актер чеберчилиги кафедрасынын доценти, культурология илимдеринин кандидаты Кулмамбетов Жаныш Осмонович.
3. Социалдык-маданий ишмердик кафедрасынын профессору, п.и.к. Джолдошбекова Сарылкан Апиевна.
4. Оркестр жана хор дирижерлугу кафедрасынын окутуучусу Турдугулова Айтурган Турдугуловна.
5. Оркестр жана хор дирижерлугу кафедрасынын башчысы Кадыркулова Паризат Өзүбековна.

**Колдошов Т.Р.** Тимур Сагынбаевич, Нуржан Кенжекуловна жана Улукбек Айтмаматович сунуштаган кесиптештердин талапкерлигин бекитүү тууралуу сунушту колго салам.
**Макул – баары, каршы, калыс –жок.**
Чоң ырахмат. Нуржан Кенжекуловна, протоколдорду, бюллетендерди эсептөө комиссиясына өткөрүп бериңиз. Протоколдун негизинде эсептөө комиссиясы жумушун баштай берсин.
Талапкерлерге сөз берерден мурун, бизде жакшы жаңылык бар. КММИУнун Окумуштуулар Кеңеши шайлап берген 2 окумуштуубуз КР Президентине караштуу

Улуттук Аттестациялык Комиссиясынын 30.01.2025-жылы ПР № 1-2\ 3 чечими мамлекеттик үлгүдөгү доцент окумуштуулук наамдарга ээ болушту:
1. Кулманбетов Жаныш Осмонович искусство таануу адистиги боюнча доцент окумуштуулук даражасы ыйгарылды;
2. Иманалиев Кайрат Олжобаевич искусство таануу адистиги боюнча доцент окумуштуулук даражасы ыйгарылды. Доценттик наамдарыңыздар кут болсун.

Кезекти талапкерлерге берсек, алардын илимий, окуу, окуу-усулдук, чыгармачыл багыттардагы отчетторун жана платформаларын уксак (талапкерлердин материалдары тиркелет).

Урматтуу кесиптештер, сөздү эсептөө комиссиясына берсек.

**Тулобердиев К.К.** Ардактуу кесиптештер, эсептөө комиссиясынын жыйынынын №1 протоколу менен тааныштырууга уруксат бериңиздер.

**Эсептөө комиссиясынын төрагасы** - Тулобердиев Калыбек Кемелович.

**Эсептөө комиссиясынын катчысы** - Турдугулова Айтурган Турдугуловна.

**Эсептөө комиссиясынын мүчөлөрү**: Джолдошбекова Сарылкан Апиевна,

Кулмамбетов Жаныш Осмонович, Кадыркулова Паризат Өзүбековна.

**Колдошов Т.Р**. Урматтуу кесиптештер, эсептөө комиссиясынын №1 протоколун бекитүү үчүн колго салам.

**Макул – баары, каршы, калыс – жок.** Чоң ырахмат.

**Тулобердиев К.К.** Талапкерлердин добуштары төмөндөгүдөй болду:

- **Алымкулов Б.Т. -** доценттин м.а. бош кызмат орунга, урнага 27 бюллетень түштү, **макул - 27, каршы, калыс - жок.**
- **Джумалиев С**. - доценттин м.а. бош кызмат орунга, урнага 27 бюллетень түштү, **макул - 27, каршы, калыс - жок.**
- **Жеенбаев М.Т. -** доценттин м.а. бош кызмат орунга, урнага 27 бюллетень түштү, **макул - 27, каршы, калыс - жок.**
- **Эсенбаева С.О. -** доценттин м.а. бош кызмат орунга, урнага 27 бюллетень түштү, **макул - 25, каршы -1 , жараксыз - 1.**
- **Садыркулов Д.Н. -** доценттин м.а. бош кызмат орунга, урнага 27 бюллетень түштү, **макул - 27, каршы, калыс - жок.**
- **Таштаналиева К. -** улук окутуучу бош кызмат орунга, урнага 27 бюллетень түштү, **макул - 27, каршы, калыс - жок.**
- **Үсөнбек уулу Э. -** улук окутуучу бош кызмат орунга урнага 27 бюллетень түштү, **макул - 27, каршы, калыс - жок.**
- **Самарбекова Н.М. -** улук окутуучу бош кызмат орунга урнага 27 бюллетень түштү, **макул - 26, каршы, жараксыз - 1.**
- **Урматбеков Ч.У. -** улук окутуучу бош кызмат орунга, урнага 27 бюллетень түштү, **макул - 26, каршы -1, калыс - жок.**

**Колдошов Т.Р**. Ырахмат Калыбек Кемелович. Урматтуу кесиптештер, эсептөө комиссиясынын №2-9 протоколдорун бекитүү үчүн колго салам.

**Макул – баары, каршы, калыс – жок.** Чоң ырахмат. Урматтуу шайлоодон ийгиликтүү добуш алган кесиптештер, кызмат орундарына шайланышыңыздар менен куттуктаймын. Университеттин өнүгүшүнө, студенттерге татыктуу билим берүүгө болгон тажрыйбаңыздарды, билимиңиздерди колдонуп, иштеп берет деген ишеничтемин. Мындан ары да чыгармачыл, илимий изги изденүүлөрдү каалаймын.

**<u>Чечим кылат</u>**:

**1. _<u>Оркестр жана хор дирижерлугу кафедрасынан</u>_:**

- **Алымкулов Б.Т.** доценттин м.а. кызмат орунга дайындалсын.

- **Самарбекова Н.М.** улук окутуучу кызмат орунга дайындалсын

2. ***Салттык музыка жана фольклор кафедрасынан***:
   - **Джумалиев С**. доценттин м.а. кызмат орунга дайындалсын
   - **Үсөнбек уулу Э.** улук окутуучу кызмат орунга дайындалсын.
   - **Таштаналиева К.** улук окутуучу кызмат орунга дайындалсын.

3. ***Музыкалык-теориялык дисциплиналар жана жалпы фортепиано кафедрасынан***:
- **Жээнбаев М.Т.** доценттин м.а. кызмат орунга дайындалсын.

4. ***Хореография кафедрасынан***:
- **Садыркулов Д.Н.** доценттин кызмат орунга дайындалсын.

5. ***Режиссура жана актер чеберчилиги кафедрасынан:***
- **Эсенбаева С.О.** доценттин м.а. кызмат орунга дайындалсын.
- **Урматбеков Ч.У.** улук окутуучу кызмат орунга дайындалсын.

**Экинчи жана үчүнчү маселени бир комиссия текшергендиктен, маселелерди бирге карайлы.**

1. Хореография жана маданий ишмердик факультетинин окуу, окуу-усулдук, илимий, тарбиялык, уюштуруу иштеринин абалы тууралуу. **Жооптуулар**: комиссия (төрага Джакыпов К.К.), факультеттин деканы **Ч.К. Жумалиева.**

2. Хореография жана маданий ишмердик факультетинин 2024-2025-окуу жылына карата пландаштырылган окуу, окуу-усулдук, тарбиялык-уюштуруу иштердин жүрүшү жана аткарылышы тууралуу (социалдык-гуманитардык дисциплиналар, хореография, социалдык-маданий ишмердик кафедралары). **Жооптуулар**: комиссия (төрага Джакыпов К.К.) жана факультеттин деканы **Ч.К. Жумалиева**.

**Джакыпов К.К.** Урматтуу Окумуштуулар Кеңешинин мүчөлөрү. Хореография жана маданий ишмердик факультетинин окуу, окуу-усулдук, тарбиялык-уюштуруу иштеринин абалын жана факультеттин курамындагы кафедралардын 2024-2025-окуу жылына карата пландаштырылган окуу, окуу-усулдук, тарбиялык-уюштуруу иштеринин жүрүшүн (кинооператорлук, телекөрсөтүү жана радиоуктуруу, кино кафедралары) текшерүү үчүн ректордун 22.10.2024-жылда №103-ө буйругу менен атайын комиссия түзүлдү:

**Комиссиянын төрагасы:**

1. Джакыпов К.К. – окуу иштери боюнча проректор, п.и.к., доцент;

**Комиссиянын мүчөлөрү:**

2. Турумбаева Ч.М. – илимий иштер жана эл аралык байланыштар боюнча проректор, и.т.к., доцент;
3. Омокеев У.А. – тарбия иштери боюнча проректор;
4. Алманбет к. Жаңыл. – окуу бөлүмүнүн башчысы;
5. Маражапова Н.К. – аспирантура ж-а магистратура бөлүмүнүн башчысы, ф.и.к., доцент;
6. Эсенбаева С.О. – театр факультетинин деканы;
7. Жумалиева Ч.К. – ХМИ факультетинин деканы;
8. Казиева С.М. – искусство факультетинин деканы;
9. Молдобеков А.К. – КжТ факультетинин деканы;
10. Келдибекова Н.К. – практика жана карьера бөлүмүнүн башчысы;
11. Темирканова Ж.Ш. – студенттик кадрлар бөлүмүнүн башчысы;
12. Талантбеков Ш.Т. – программист;
13. Дамир к. Гүлнара. – телекөрсөтүү жана радиоуктуруу каф. башчысы;
14. Замирбек у.Чыңгыз. – сахна кеби кафедрасынын башчысы;
15. Кадыркулова П.Ө. – оркестр дирижерлугу кафедрасынын башчысы;
16. Бейшеналиева М.И. – СМИ кафедрасынын улук окутуучусу;
17. Маженова З.Т. – хореография кафедрасынын башчысынын м.а;
18. Сейталиева Н.Т. – социалдык-гуманитардык кафедрасынын башчысы;
19. Арстанбек у. Асылбек – музыкалык билим берүү кафедрасынын башчысы;

20. Таалайбек к. Айгүл. – архивариус (**материал тиркелет**).
**Колдошов Т.Р.** Чоң ырахмат. Кимде кандай суроолор бар?
**Омокеев У.А.** Кафедралардагы окуу-усулдук комплекстер кайсы тилде даярдалышы керек. Анткени кыргыз адабиятынан орус тайпаларына орус тилинде даярдалышы керек тууралуу кафедрада маселе чыккан?
**Джакыпов К.К.** Кыргыз тили, кыргыз адабияты сабактарынан кыргыз тилинде гана даярдалат. Башка предметтерден көбүнчө орус тилинде даярдалып жатат, эки тилде тең даярдалышы керек.
**Колдошов Т.Р.** Факультетте аккредитацияга даярдык кандай экен? Факультетти өнүктүрүү боюнча стратегиялык пландары бар бекен?
**Жумалиева Ч.К.** Бул суроого мен жооп берейин. Аккредитацияга даярдык жүрүп жатат. УМКнын электрондук варианттары даяр болду. Жалпы УМК боюнча же орус тилинде, же кыргыз тилинде даярдалды. Эки тилде тең даярдоону эми колго алып жатабыз.
Стратегиялык план боюнча, мен сентябрь айынан бери декандык кызматты аркалап келе жатам. Ушул окуу жылына план түзгөнбүз. Бирок стратегиялык иш план түзө элекпиз. Ушул жылга түзүлгөн планда да стратегиялык мааниде аткара турган пункттар бар. Кубатбек Куланчиевичке жана комиссияга ыраазычылык билдирем. Сиздер көрсөткөн кемчиликтер жүйөлүү деп эсептейм жана аларды четтетүү үчүн ишти тез арада колго алабыз.
**Колдошов Т.Р.** Чоң ырахмат дагы кимде суроолор бар? Суроо жок болсо, менде сунуш бар. Кийинки окуу жылында факультеттеги аспиранттар жана магистранттар тууралуу маалыматтарды да караңыздар. Аспиранттар илимий ишин алгач кафедрадан талкуудан өтөт. Алар тууралуу маалыматтарды сөзсүз текшериңиздер. Суроо жок болсо, 2024-2025-окуу жылына карата хореография жана маданий ишмердик факультетинин жана ага караштуу кафедралардын окуу, окуу-усулдук, илимий, тарбиялык-уюштуруу багытта иш кагаздарынын абалы тууралуу маалымат алуу жана усулдук көрсөтмө берүү максатында иш алып барган комиссиянын чечими менен тааныштырып коеюн:
<u>**Чечим кылат**</u>:
1. Хореография жана маданий ишмердик факультетинде иш кагаздарынын абалы “жакшы” деп эсептелсин.
2. Факультеттеги деканаттын жана кафедра башчыларынын иш кагаздарын жүргүзүү боюнча тажрыйбасы, университететтеги башка факультеттер үчүн нускама катары пайдалануу сунушталсын.
3. Иш кагаздарын жүргүзүү боюнча мыкты аракеттери үчүн факультеттин деканы Жумалиева Чолпон Кадырбековнага, методисти Нурланбек кызы Жанарага, кафедра башчылары Түлөбердиев Калыбек Кемеловичке, Сатыбалдиев Эрнис Какеновичке, Сейталиева Нурзада Түгөлбековнага алкыш жарыялоо сунушталсын.
4. Комиссия сунуштаган айрым маселелер окуу жылы ичинде толуктaлсын.
5. Бул талаптарды көзөмөлдөө окуу иштери боюнча проректор К.Джакыповго жүктөлсүн.
Урматтуу кесиптештер, **төртүнчү маселеге өтсөк.**
2024-2025-окуу жылынын күндүзгү жана сырттан окуу бөлүмдөрүндөгү кышкы сессиянын жүрүшү жана жыйынтыгы. 1-жарым жылдык боюнча жалпы отчет (факультеттин декандарынын маалыматтар тиркелет).
**Джакыпов К.К.** Саламатсызбы урматтуу төрага, урматтуу кесиптештер. Декандардын маалыматын жыйынтыктоого уруксат бериңиздер.
<u>**Чечим кылат:**</u>
1. 2024-2025-окуу жылында күндүзгү жана сырттан окуу бөлүмдөрү боюнча факультеттердеги кышкы сессиянын жыйынтыктары эске алынсын;
2. Тайпалардагы сапаттык жетишүүлөрдүн пайыздык көрсөткүчүн жогорулатуу максатында декандар, кафедра башчылары, кураторлор мындан аркы иштерин дагы активдештирсин;

3. Е-билим ситемасы менен иштөөдө студенттер, окутуучулар арасында түшүндүрүү иштери улантылсын;
4. Гуманитардык багыттагы дисциплиналардын тесттик базасы кеңейтилсин;
5. Аталган маселелердин аткарылуусу окуу бөлүмүнө жана окуу иштери боюнча проректорго жүктөлсүн.

**Колдошов Т.Р.** Кубатбек Куланчиевич сунуштаган чечимди колго салам. **Макул – баары, каршы, калыс – жок.**
**5-маселеге өтсөк.** Б.Бейшеналиева атындагы Кыргыз мамлекеттик маданият жана искусство университетинин окуу корпусунун жана жатакананын санитардык абалы тууралуу чарба иштери боюнча проректордун отчетуна көнүлүңүздөрдү бурам.
**Талантбеков Ш.Т.** Саламатсыздарбы урматтуу кесиптештер (маалымат тиркелет).
**Колдошов Т.Р.** Урматту кесиптештер, проректордун маалымат отчетунан кийин чечим менен тааныштырууга уруксат этиңиздер.
**<u>Чечим кылат:</u>**
1. Б. Бейшеналиева атындагы Кыргыз мамлекеттик маданият жана искусство университетинин окуу корпусунун жана жатакананын санитардык абалы мындан да жакшы абалга келтирилсин.
2. Өрт коопсуздугу жана инженердик тармактар боюнча зарыл иштер аткарылсын.
**3.** Тазалыкты кармаган кызматкерлерге контроль күчөтүлсүн.
**<u>Ар түрдүү маселелер</u>.**
**Колдошов Т.Р.** Урматтуу кесиптештер, искусство факультетин экиге бөлүү тууралуу Кубатбек Куланчиевичтен сунуш түшкөн.
**Джакыпов К.К.** Урматтуу кесиптештер, искусство факультетинде студенттердин контингенти көп болгондугуна жана деканатка 8 кафедра менен иш алып баруу кыйынчылык жараткандыгына байланыштуу экиге бөлүүнү сунуштайм. Адистик багыттарын да эске алсаңыздар. Алдыда аккредитациядан өтөбүз. Ага даярданууда да деканга чоң жоопкерчилик түшүп калат экен (кызуу талкуудан кийин). Колго салам**.**
**Макул – баары, каршы, калыс – жок.**
**<u>Чечим кылат</u>:**
**1**. Искусство факультетинде студенттердин контингенти көп болгондугуна жана деканатка 8 кафедра менен иш алып баруу кыйынчылык жараткандыгына байланыштуу:
**а)** ***эстрада жана музыкалык билим берүү факультети***
**б)** ***элдик музыка факультети болуп экиге бөлүнсүн.***
**2.** Айлык маселеси боюнча. Жарым жылдыктын жыйынтыгы менен окуудан четтетилген студенттердин саны жүздөн ашык болгондуктан февраль айынан баштап окуу жылынын аягына чейин атайын эсептен алган айлык маяна 80%дан 60 %га түшүрүү зарылчылыгы пайда болуп жатат. Анткени кирешебиз азайып кетти. Окуудан четтетилген студенттердин эсебинен айлык маянаны да кыскартууга туура келет. Эгер маянанын пайызын кыскартпасак эмгек өргүүгө акча чыгара албай кыйналып калабыз. Жамаатка туура түшүндүрсөңүздөр. Башка вариант жок. Ректордон баштап бардык профессордук-окутуучулук курамдан кыскартабыз (ОКнын жамааты бир добуштан колдошту). Колго салам. **Макул – баары, каршы, калыс – жок.**
**<u>Чечим кылат</u>**:

- *Окуудан четтетилген студенттердин эсебинен атайын эсеп азайгандыктан, 2025-жылдын февраль айынан баштап окуу жылынын аягына чейин профессордук-окутуучулук курамдын айлык маянасы 80%дан 60%га чейин кыскартылсын.*

3. Кино жана телекөрсөтүү факультетинин кинооператорлук кафедрасынын башчысы Т.Юсуповадан билдирүү келген. Кино жана операторлук адистиктери кошулгандыгына байланыштуу кафедранын окутуучуларынын бирдиктүү сунушун эске алып, кафедранын

аталышын “Оператор чеберчилиги” деп бекитип берүү тууралуу Колго салам. **Макул – баары, каршы, калыс – жок.**

**<u>Чечим кылат</u>:**

- *Кино жана операторлук адистиктери кошулгандыгына байланыштуу кафедранын аталышы “Оператор чеберчилиги” деп бекитилсин.*

4. Диссертациялык Кеңеш ачуу ишибиз алдыга жылып жатат. Үч негиздөөчү мекеме (учредитель ) болуп жатат: ОшМУ, КММИУ жана КРУИАнын салттык музыка жана искусство борбору. Бүгүн, эртең призидиумга сунушталат. Буйруса эки айдан ашпаган убакта өз ишин баштап калат. Бул кыргыз маданияты үчүн жагымдуу жаңылык болот.

5. Улуттук статус алуу боюнча аракетибизди да ишке ашууга бир кадам калды. Министрликтер баары кол коюп беришиптир. КР маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясатына келген жаңы министр кол койсо эле, Министрлер Кабинетине жөнөтүлөт.

Жаңы корпус боюнча да ишибиз жылып жатат. Консерватория түшүнүү менен карап, топосьемка үчүн документтерин бериште. Иш бүтүп калса, жер консерваторияныкы, спорт зал биздики болот.

Саламатта барыңыздар. Ишиңиздерде ийгиликтер болсун.

**Төрага** **Колдошов Т.Р.**

**Катчы** **Маражапова Н.К.**

**Б. БЕЙШЕНАЛИЕВА АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК МАДАНИЯТ ЖАНА ИСКУССТВО УНИВЕРСИТЕТИНИН**

***ОКУМУШТУУЛАР КЕҢЕШИНИН ЖЫЙЫНЫНЫН №5 ПРОТОКОЛУНАН***

***№1 көчүрмө***

***28.02 2025.*** ***Бишкек шаары***

ОКнын мүчөлөрүнүн саны - 33
Катышкандардын саны - 29

**Төрага** - ректор, проф.м.а. Колдошов Т.Р.
**Катчы** – проф. м.а. Маражапова Н.К.

**КҮН ТАРТИБИ**:

1. Бош кызмат орундарына конкурстук негизде шайлоо өткөрүү тууралуу.

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ**:

Бош кызмат орундарына конкурстук шайлоодон өткөн профессордук-окутуучулук курам төмөндөгү кызмат орундарына дайындалсын.

1 ***Оркестр жана хор дирижерлугу кафедрасынан*:**
- **Алымкулов Б.Т.** доценттин м.а. кызмат орунга дайындалсын.
- **Самарбекова Н.М.** улук окутуучу кызмат орунга дайындалсын

2. ***Салттык музыка жана фольклор кафедрасынан***:
   - **Джумалиев С**. доценттин м.а. кызмат орунга дайындалсын
   - **Үсөнбек уулу Э.** улук окутуучу кызмат орунга дайындалсын.
   - **Таштаналиева К.** улук окутуучу кызмат орунга дайындалсын.

3. ***Музыкалык-теориялык дисциплиналар жана жалпы фортепиано кафедрасынан***:
- **Жеенбаев М.Т.** доценттин м.а. кызмат орунга дайындалсын.

4. ***Хореография кафедрасынан***:
- **Садыркулов Д.Н.** доценттин кызмат орунга дайындалсын.

5. ***Режиссура жана актер чеберчилиги кафедрасынан:***
- **Эсенбаева С.О.** доценттин м.а. кызмат орунга дайындалсын.
- **Урматбеков Ч.У.** улук окутуучу кызмат орунга дайындалсын.

**Төрага** **Колдошов Т.Р.**

**Катчы** **Маражапова Н.К.**

**Б. БЕЙШЕНАЛИЕВА АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК МАДАНИЯТ ЖАНА ИСКУССТВО УНИВЕРСИТЕТИНИН**

***ОКУМУШТУУЛАР КЕҢЕШИНИН ЖЫЙЫНЫНЫН №5 ПРОТОКОЛУНАН***

***№2 көчүрмө***

***28.02.2025.*** ***Бишкек шаары***

ОКнын мүчөлөрүнүн саны - 33
Катышкандардын саны - 29

**Төрага** - ректор, проф.м.а. Колдошов Т.Р.
**Катчы** – проф. м.а. Маражапова Н.К.

**КҮН ТАРТИБИ**:

1. Хореография жана маданий ишмердик факультетинин окуу, окуу-усулдук, илимий, тарбиялык, уюштуруу иштеринин абалы тууралуу.
2. Хореография жана маданий ишмердик факультетинин 2024-2025-окуу жылына карата пландаштырылган окуу, окуу-усулдук, тарбиялык-уюштуруу иштердин жүрүшү жана аткарылышы тууралуу (социалдык-гуманитардык дисциплиналар, хореография, социалдык-маданий ишмердик кафедралары).

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ**:

1. Хореография жана маданий ишмердик факультетинде иш кагаздарынын абалы “жакшы” деп эсептелсин.
2. Факультеттеги деканаттын жана кафедра башчыларынын иш кагаздарын жүргүзүү боюнча тажрыйбасы, университететтеги башка факультеттер үчүн нускама катары пайдалануу сунушталсын.
3. Иш кагаздарын жүргүзүү боюнча мыкты аракеттери үчүн факультеттин деканы Жумалиева Чолпон Кадырбековнага, методисти Нурланбек кызы Жанарага, кафедра башчылары Түлөбердиев Калыбек Кемеловичке, Сатыбалдиев Эрнис Какеновичке, Сейталиева Нурзада Түгөлбековнага алкыш жарыялоо сунушталсын.
4. Комиссия сунуштаган айрым маселелер окуу жылы ичинде толукталсын.
5. Бул талаптарды көзөмөлдөө окуу иштери боюнча проректор К.Джакыповго жүктөлсүн.

**Төрага** **Колдошов Т.Р.**

**Катчы** **Маражапова Н.К.**

**Б. БЕЙШЕНАЛИЕВА АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК МАДАНИЯТ ЖАНА ИСКУССТВО УНИВЕРСИТЕТИНИН**

***ОКУМУШТУУЛАР КЕҢЕШИНИН ЖЫЙЫНЫНЫН №5 ПРОТОКОЛУНАН***

***№3 көчүрмө***

***28.02.2025.*** ***Бишкек шаары***

ОКнын мүчөлөрүнүн саны - 33
Катышкандардын саны - 29

**Төрага** - ректор, проф.м.а. Колдошов Т.Р.
**Катчы** – проф. м.а. Маражапова Н.К.

**КҮН ТАРТИБИ**:

1. 2024-2025-окуу жылынын күндүзгү жана сырттан окуу бөлүмдөрүндөгү кышкы сессиянын жүрүшү жана жыйынтыгы тууралуу.

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ**:

6. 2024-2025-окуу жылында күндүзгү жана сырттан окуу бөлүмдөрү боюнча факультеттердеги кышкы сессиянын жыйынтыктары эске алынсын;
7. Тайпалардагы сапаттык жетишүүлөрдүн пайыздык көрсөткүчүн жогорулатуу максатында декандар, кафедра башчылары, кураторлор мындан аркы иштерин дагы активдештирсин;
8. Е-билим ситемасы менен иштөөдө студенттер, окутуучулар арасында түшүндүрүү иштери улантылсын;
9. Гуманитардык багыттагы дисциплиналардын тесттик базасы кеңейтилсин;
10. Аталган маселелердин аткарылуусу окуу бөлүмүнө жана окуу иштери боюнча проректорго жүктөлсүн.

**Төрага** **Колдошов Т.Р.**

**Катчы** **Маражапова Н.К.**

**Б. БЕЙШЕНАЛИЕВА АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК МАДАНИЯТ ЖАНА ИСКУССТВО УНИВЕРСИТЕТИНИН**

***ОКУМУШТУУЛАР КЕҢЕШИНИН ЖЫЙЫНЫНЫН №5 ПРОТОКОЛУНАН***

***№4 көчүрмө***

***28.02.2025.*** ***Бишкек шаары***

ОКнын мүчөлөрүнүн саны - 33
Катышкандардын саны - 29

**Төрага** - ректор, проф.м.а. Колдошов Т.Р.
**Катчы** – проф. м.а. Маражапова Н.К.

**КҮН ТАРТИБИ**:

1. Окуу корпусунун жана жатакананын санитардык абалы жөнүндө.

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ**:

1. Б.Бейшеналиева атындагы Кыргыз мамлекеттик маданият жана искусство университетинин окуу корпусунун жана жатакананын санитардык абалы мындан да жакшы абалга келтирилсин.
2. Өрт коопсуздугу жана инженердик тармактар боюнча зарыл иштер аткарылсын.
3. Тазалыкты кармаган кызматкерлерге контроль күчөтүлсүн.

**Төрага** **Колдошов Т.Р.**

**Катчы** **Маражапова Н.К.**

**Б. БЕЙШЕНАЛИЕВА АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК МАДАНИЯТ ЖАНА ИСКУССТВО УНИВЕРСИТЕТИНИН**

***ОКУМУШТУУЛАР КЕҢЕШИНИН ЖЫЙЫНЫНЫН №5 ПРОТОКОЛУНАН***

***№5 көчүрмө***

***28.02.2025.*** ***Бишкек шаары***

ОКнын мүчөлөрүнүн саны - 33
Катышкандардын саны - 29

**Төрага** - ректор, проф.м.а. Колдошов Т.Р.
**Катчы** – проф. м.а. Маражапова Н.К.

**КҮН ТАРТИБИ**:

1. Атайын эсептен алган айлык маянанын пайыздык өлчөмүн азайтуу тууралуу.

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ**:

1. Окуудан четтетилген студенттердин эсебинен атайын эсеп азайгандыктан, 2025-жылдын февраль айынан баштап окуу жылынын аягына чейин профессордук-окутуучулук курамдын айлык маянасы 80%дан 60%га чейин кыскартылсын.

**Төрага** **Колдошов Т.Р.**

**Катчы** **Маражапова Н.К.**

**Б. БЕЙШЕНАЛИЕВА АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК МАДАНИЯТ ЖАНА ИСКУССТВО УНИВЕРСИТЕТИНИН**

***ОКУМУШТУУЛАР КЕҢЕШИНИН ЖЫЙЫНЫНЫН №5 ПРОТОКОЛУНАН***

***№6 көчүрмө***

***28.02.2025.*** ***Бишкек шаары***

ОКнын мүчөлөрүнүн саны - 33
Катышкандардын саны - 29

**Төрага** - ректор, проф.м.а. Колдошов Т.Р.
**Катчы** – проф. м.а. Маражапова Н.К.

**КҮН ТАРТИБИ**:

1. КжТК факультетиндеги кинооператорлук кафедрасынын атын өзгөртүү жөнүндө.

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ**:

1. Кино жана операторлук адистиктери кошулгандыгына байланыштуу кафедранын аталышы “Оператор чеберчилиги” деп бекитилсин.

**Төрага** **Колдошов Т.Р.**

**Катчы** **Маражапова Н.К.**

**Б. БЕЙШЕНАЛИЕВА АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК МАДАНИЯТ ЖАНА ИСКУССТВО УНИВЕРСИТЕТИНИН**

***ОКУМУШТУУЛАР КЕҢЕШИНИН ЖЫЙЫНЫНЫН №5 ПРОТОКОЛУНАН***

***№7 көчүрмө***

***28.02.2025.*** ***Бишкек шаары***

ОКнын мүчөлөрүнүн саны - 33
Катышкандардын саны - 29

**Төрага** - ректор, проф.м.а. Колдошов Т.Р.
**Катчы** – проф. м.а. Маражапова Н.К.

**КҮН ТАРТИБИ**:

1. Искусство факультетин экиге бөлүү тууралуу.

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ**:

1. Искусство факультетинде студенттердин контингенти көп болгондугуна жана деканатка 8 кафедра менен иш алып баруу кыйынчылык жараткандыгына байланыштуу:
**а**) эстрада жана музыкалык билим берүү факультети
**б**) элдик музыка факультети болуп экиге бөлүнсүн.

**Төрага** **Колдошов Т.Р.**

**Катчы** **Маражапова Н.К.**

**Б. БЕЙШЕНАЛИЕВА АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК МАДАНИЯТ ЖАНА ИСКУССТВО УНИВЕРСИТЕТИНИН**

***ОКУМУШТУУЛАР КЕҢЕШИНИН ЖЫЙЫНЫНЫН №5 ПРОТОКОЛУНАН***

***№8 көчүрмө***

***28.02.2025*** ***Бишкек шаары***

ОКнын мүчөлөрүнүн саны - 33
Катышкандардын саны - 29

**Төрага** - ректор, проф.м.а. Колдошов Т.Р.
**Катчы** – проф. м.а. Маражапова Н.К.

**КҮН ТАРТИБИ**:

1. Университеттин “Жарчысы” илимий журналын КРнын Мамлекеттик реестрине киргизүүнү сунуштоо тууралуу.

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ**:

1. Университеттин “Жарчысы” илимий журналын КРнын Мамлекеттик реестрине киргизүү сунушталсын.

**Төрага** **Колдошов Т.Р.**

**Катчы** **Маражапова Н.К.**

**Б. БЕЙШЕНАЛИЕВА АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК МАДАНИЯТ ЖАНА ИСКУССТВО УНИВЕРСИТЕТИНИН**

***ОКУМУШТУУЛАР КЕҢЕШИНИН ЖЫЙЫНЫНЫН №5 ПРОТОКОЛУНАН***

***№9 көчүрмө***

***28.02.2025*** ***Бишкек шаары***

ОКнын мүчөлөрүнүн саны - 33
Катышкандардын саны - 29

**Төрага** - ректор, проф.м.а. Колдошов Т.Р.
**Катчы** – проф. м.а. Маражапова Н.К.

**КҮН ТАРТИБИ**:

1. Элдик музыкалык искусство (5 жылдык) жана жогорку адабий курс “Адабий чыгармачылык”, “Көркөм котормо жана котормо таануу” (2 жылдык) адистиктери боюнча лицензия алуу тууралуу.

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ**:

1. Элдик музыкалык искусство (5 жылдык) жана жогорку адабий курс “Адабий чыгармачылык”, “Көркөм котормо жана котормо таануу” (2 жылдык) адистиктери боюнча лицензия алуу үчүн КР Билим берүү жана илим министрлигине (АСУЛА программасына) электрондук арыз жөнөтүлсүн.

**Төрага** **Колдошов Т.Р.**

**Катчы** **Маражапова Н.К.**

**Б. БЕЙШЕНАЛИЕВА АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК МАДАНИЯТ ЖАНА ИСКУССТВО УНИВЕРСИТЕТИНИН**

***ОКУМУШТУУЛАР КЕҢЕШИНИН ЖЫЙЫНЫНЫН №4 ПРОТОКОЛУНАН***

***№10 көчүрмө***

***28.02. 2025.*** ***Бишкек шаары***

ОКнын мүчөлөрүнүн саны - 33
Катышкандардын саны - 29

**Төрага** - ректор, проф.м.а. Колдошов Т.Р.
**Катчы** – проф. м.а. Маражапова Н.К.

**КҮН ТАРТИБИ**:

1. Илимий теманы өзгөртүү тууралуу.

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ**:

1. 2-курстун аспиранты Л.Ш. Ибраимованын “Вокально-эстрадная исполнительская музыка в Кыргызстане: история становления и эволюция” деп аталган илимий темасы “Вокально-эстрадный жанр в музыкальном исполнительском искусстве Кыргызстана: история становления и эволюция” деп өзгөртүлсүн.

**Төрага** **Колдошов Т.Р.**

**Катчы** **Маражапова Н.К.**